УДК 947.0481 575.2

Авазов Эрнис Абдыманапович,
тарых илимдеринин кандидаты, доцент,
Б.Осмонов атын. Жалал-Абад мамлекеттик
университети, Жалал-Абад шаары,
Кыргыз Республикасы
E-mail: Ernis-ist@mail.ru

## ПАДЫША ӨКМӨТҮНҮН ФЕРГАНА ӨРӨӨНҮНДӨГҮ АГАРТУУЧУЛУК САЯСАТЫНА АНЖИЯН КӨТӨРҮЛҮШҮНҮН ТИЙГИЗГЕН ТААСИРИ

*Макалада 1898-жылдагы Анжиян көтөрүлүшүнүн Фергана өрөөнүндө падышалык бийликтин агартуу саясатын ишке ашырууга тийгизген таасирин талдоого аракет жасалды. Көтөрүлүштөн кийинки мезгилдеги агартуу жана билим берүү тармагындагы өзгөрүүлөргө сереп салынды. Падыша өкмөтүнүн «кийлигишпөө жана исламга этибар бербөө» саясатынын агартуу айдынындагы орду жөнүндө падышалык бийликтердин позициялары жана көз караштары чагылдырылды. Орус-тузем мектептерине карата атаандаштык мамиленин шарттарында жергиликтүү мусулмандык билим берүү мекемелеринин модернизациялануусуна жана анын жыйынтыктарына баа берилдиЖыйынтыгында Анжиян көтөрүлүшү Фергана өрөөнүндө гана эмес, бүтүндөй Түркстанда падышачылыктын агартуу саясатына олуттуу таасирин тийгизген процесс болгондугу көрсөтүлгөн.*

*Ачкыч сөздөр: Падыша өкмөтү, Фергана,агартуучулук, Анжиян, көтөрүлүш.*

Авазов Эрнис Абдыманапович,
кандидат исторических наук, доцент,
Джалал-Абадский государственный университет
им. Б.Осмонова
Джалал-Абад шаары, Кыргызская Республика

## ВЛИЯНИЕ АНДИЖАНСКОГО ВОССТАНИЯ НА ПРОСВЕТИТЕЛЬСКУЮ ПОЛИТИКУ ЦАРСКОГО ПРАВИТЕЛЬСТВА В ФЕРГАНСКОЙ ДОЛИНЕ

*В статье предпринята попытка проанализировать влияние Андижанского восстания 1898 г. на осуществление просветительской политики царского правительства в Ферганской долине. Рассмотрены изменения в области просвещения и образования после данного восстания. Отражены позиции и взгляды царских властей в отношении политики «невмешательства и игнорирования ислама» в сфере образования. Дана оценка результатам модернизации местных мусульманских учебных заведений в контексте конкурентного подхода к русскоязычным школам. В итоге было показано, что Андижанское восстание явилось процессом, оказавшим значительное влияние на просветительскую политику царства не только в Ферганской долине, но и в Туркестане в целом.*

*Ключевые слова: Царское правительство, Фергана, просвещение, Андижан, восстание.*

Avazov Ernis Abdymanapovich,
Candidate of historical sciences, associate professor,
Jalal-Abad State University named after B. Osmonov
Jalal-Abad city, Kyrgyz Republic

# THE INFLUENCE OF THE ANDIJAN UPRISING ON THE EDUCATIONAL POLICY OF THE TSARIST GOVERNMENT IN THE FERGHANA VALLEY

*The article attempts to analyze the impact of the Andijan uprising of 1898 on the implementation of the educational policy of the tsarist government in the Ferghana Valley. Changes in the field of enlightenment and education after this uprising are considered. The positions and views of the tsarist authorities regarding the policy of "non-intervention and ignorance of Islam" in the field of education are reflected.An assessment is given of the results of the modernization of local Muslim educational institutions in the context of a competitive approach to Russian-language schools. As a result, it was shown that the Andijan uprising was a process that had a significant impact on the educational policy of the of the empire, not only in the Ferghana Valley, but also in Turkestan as a whole.*

*Key words: Tsarist government, Fergana, enlightenment, Anjiyan, uprising*

**Киришүү:** Падышачылык Орусиянын Түркстандагы колониялык саясатында мусулманчылык маселеси олуттуу жагдайлардын эң маанилүүсү болгон.Ага карата «кийлигишпөө» же болбосо «исламга этибар бербөө» саясатынын негизги прициптери крайдын биринчи баштыгы жарым пааша Константин Петрович фон Кауфмантарабынан сунушталып практикада колдонулуп келген. Андагы негизги идеялар падышачылыктын колониялык саясатынын диний көтөрүмдүүлүк саясатына шайкеш келтирилген.Бирок, крайдын башкаруу администрациясында жана борбордук бийлик сересиндегилердин арасында ага каршы позицияда тургандар болушкан. Чөлкөмдү башкаруу чөйрөсүндө келип чыккан мүчүлүштүктөрдүн баарын аталган саясаттын айланасынан табууга аракет кылышкан.Албетте бул башкаруу курсунда жергиликтүү элдин нарк насилине шек келтирбестен акырындык менен орусташтыруунун ишке ашырылуусу мерчемделген. Орусия түркстандыктарга цивилизация тартуулап жатышкандай таризде саясат жүргүзүү менен колониялык аймактарды метрополия менен маданий жактан да жуурулуштурууну бийликтер ишке ашыруусу керек эле.Мындай кадамда түркстандыктардын эзелтен келе жаткан мусулмандык билим берүү мекемелеринин ишмердүүлүгүнө карата мамиле көңүлдөн сыртта калбаган. Болгону кауфмандык башкаруу курсунда падышачылыктын күч кубатын сезишкен жана европалык билим берүүнүн артыкчылыгын байкаган жергиликтүү тургундар мындай эски билим берүү салтынан өздөрү эле баш тартышат деген жоромолдор болгон.

**Изилдөө усулу:** Дин ишмери Мадали-Дукчи эшен баштаган 1898-жылдагы Анжиян көтөрүлүш бийликтердин мындай ишенимин кетирип, күмөн жараткан. Көтөрүлүштүн чыгышынын көрүнөө да, көмүскө да жактарын изилдеген бийлик адамдары жана билермандарынын көпчүлүгү анын диний фанатизмдин негизинде келип чыккандыгы боюнча пикирге токтолушкан. Жергиликтүү администрация андан жергиликтүү калктын арасында панисламисттик кыймылды көргөн. Администрация бул көтөрүлүштөн пайдаланып, Түркстандагы орус бийлигинин позициясы опурталдуу экенин борбордук бийлик органдарына далилдөөгө аракеттенген. Бардык жергиликтүү гезиттерде бул көтөрүлүш кызуу талкууланып, аймактын бүтүндөй европалык калкы кыраакылыкка чакырылган. Бул аймакка казынадан ассигнованиелерди көбөйтүү жана Орусия империясында Түркстандын маанисин күчөтүү талаптарына негиз болуп берген. Анжиян окуясы жергиликтүү элди берилгендик духунда «тарбиялоо» боюнча көптөгөн долбоорлордун пайда болушуна себеп болгон.Көтөрүлүш басылгандан кийин бийликтердин оюу менен аракети эбактан тынчы жок элменттерге бай, диний фанатизмдин таасири күч Фергана өрөөнүндө мындай көрүнүштөрдү болтурбай коюуга багытталаган. Адегенде эле сөзгө алынып жаткан кауфмандык башкаруу курсу, 1886-

жылдагы Түркстанды башкаруу Жобосу сынга алынган.Маданий жуурулушуу анын натыйжасында орусташуу ишке ашпагандыгын падышачылыктын Түркстан чөлкөмүндөгү билермандарынын ичинен миссионер, ислам таанучу жана агартуучу Н.П. Остроумов (1846-1930) сындап чыккан. Анын көз караштары Түркстан чөлкөмүндөгү жергиликтүү калктардын  билим жөнүндөгү көз караштарынын өзгөрүшүнөаралган макаласында[1] берилген.Бул маселе боюнча анын пикирлери «жергиликтүү калктарды орус калкы менен жакындаштыруу гана эмес жуурулуштуруу, ал  «бир тил», «бир дин»,  «бир тиричилик» болгондо гана ишке ашат» [2],- деген кыязда болгон.

**Изилдөөнүн жыйынтыгы жана аны талкуулоо.** Көтөрүлүштөн соң Түркстан генерал-губернатор С.М. Духовский мусулманчылык маселесине карата бир топ циркулярларды кабыл алган. Анжиян окуялары боюнча  Духовскийдин “согушчан ислам” жана “панисламизмдин таасири” версиясы жергиликтүү бийликтин расмий версиясы болуп калган. С.Духовскийдин сунуштары боюнча белгилүү мамлекеттик ишмер С.Витте: «Ошентип, Анжиян көтөрүлүшүнүн өзү да, андан пайда болгон панисламизмдин элеси да, балким, таза жергиликтүү мүнөздөгү кандайдыр бир жеке алдын алуу чараларынын зарылдыгын туудурган эмес, бирок, биздин өкмөт тарабынан көптөн бери кабыл алынган, сыягы генерал Духовский үчүн зарыл болуп калган исламга болгон мамиленин жалпы системасындагы ошол чечүүчү жана курч бурулуш үчүн жетиштүү негиз болуп калды[3, с.168],-” деп жазган

Край башчысынын көрсөтмөсү менен калктын жашоосунун мүнөздүү өзгөчөлүктөрү менен Түркстан крайындагы бардык кызматкерлердин таанышуусун жеңилдетүү үчүн «Мусулманчылык боюнча материалдар жыйнагын» [4] түзүү жана басып чыгаруу колго алынган. Анын негизги ойлору «Түркстандагы ислам» [5] аттуу отчетунда чагылдырылган. С.М. Духовский К. П. фон Кауфмандын «орустардын жана туземдердин балдарын бирге тарбиялоо керек, орус мектептеринен мусулман мектептерин обочолотуу экономикалык жана саясий мамиледе зыяндуу» деген пикирин улап орус-тузем мектептерин көбөйтүү саясатына киришкен.

Маалым болгондой падышачылык доордо  Фергана өрөөнүндө  элге билим берүү тутуму  бири бири менен байланышпаган эки бөлөк  системадан куралган. Бул биринчи кезекте  мусулмандык салттуу  башталгыч мектептер жана жогорку конфессиялык билим берүү мекемеси болгон медреселерден турган. Экинчисин орустук билим берүү мекемелери: гимназиялар, орус-тузем мектептери, училищалар түзгөн. Фергананын көчмөн жана отурукташкан калктарынын ортосунда  билим алууга карата  турмуш-тиричилик жагдайларынан  улам кээ бир айырмачылыктар болгон. Көчмөндөрдүн балдары  көбүнчө эч кандай билим алышкан эмес же  болбосо «кыдырма» мугалимдерден сабак алышкан [6].  Дагы бир маалыматта “бул мектептердин баары өкмөт тараптын катышуусу жок отурукташкан элдер тарабынан түзүлгөн жана камсыздалат, көчмөн калктарда мектеп дээрлик жок,”[7] деп берилген.

Статистикалык басылмалардагы маалыматтарга караганда 1897-жылы Фергана областында  уездик маанидеги шаарлардагы училищалардан, аялдар гимназияларынан, приходдук училищалардан сырткары туземдиктердин балдарынын билим алуусу үчүн областтык жети шаардын ар биринде Эски Маргалан,Жаңы Маргалан,  Наманган,Чуст, Анжиян жана Ошто бирден, Кокон шаарында эки орус-тузем мектептери болгон. [8]. Ошол эле учурда11063 окуучусу бар 186 медресе, 1933 окуучу менен 159 карыхандар, 27 834 окуучу менен 1585 мактабхан, жергиликтүү еврейлерге таандык 215 окуучу окуган 6 мектеп иш алып барган. [8].

С.М. Духовскийдин тапшырмасы менен 1899-жылдын 6-сентябрында мусулмандардын диний иштери, мектеп жана вакуфтар боюнча жобо жардамчысы генерал-лейтенант Иванов тарабынан иштелип чыгат [9]. Түркстан крайында мусулмандардын диний башкармалыгын  түзүү боюнча  комиссиянын иштеринин

жалпы жыйынтыгында анын мүчөлөрүмектеп-медерселерди ислам динин жайылтуучу катары карашып, андан кооптуу жагдайларды көрүшпөгөн.Ошондой эле христиан мамлекетинин исламга болгон мамилеси мусулманчылыкты этибарга албоо жана диний көтөрүмдүүлүккө негизделгендин эске алышып, орус бийлигинин мусулман окуу жайларына карата мамилесинеде ушул мамилелер орун алуусу зарыл деп белгилешкен. Маселенин ушундай таризде коюлушу комиссия тарабынан мусулмандык окуу жайлары билим берүүнү жакшыртуу жана реформалоодон оолак мурдагыдай эле ишмердүүлүктөрүн уланта берүүсүндө эл агартуу министрлигинин ага кийлигишүүсүнө негиз жоктугун ачыктоого алып келген. Мектеп жана медреселерди биротоло кайра түзүү падышачылыктын бул багыттарындагы мыйзамдарынын өзөгүн түзгөн диний көтөрүмдүүлүктү жана саясий такты бузуп жиберүүсүнөн кооптонушкан. Бул жагдай комиссия тарабынан эске алынып, эл агартуу министрлиги тарабынан мусулман окуу жайларына болгон көзөмөл номиналдуу боюнча калтырылуусун колдошуп:"Мусулман окуу жайларынына болгон көзөмөл административдик мүнөздөгү иш чараларды чектейт жана област менен уезддердин начальниктеринин колунда топтолуусу зарыл», [9] деген пикирин билдиришкен.

Комиссия тарабынан көзөмөлдөөнүн бардык багыттары боюнча эсеп-кысап жана каттоо иштерин жүргүзүү областтык жана уездик башкармалыктар үчүн кошумча түйшүк жаратаары белгиленип, аны чечүүүчүн кызматттык штаттарды көбөйтүү менен анын чыгымдарын мамлекеттик казындан жабуу, штаттардын санын областтарга пропорционалдык талаптар боюнча көбөйтүү сунушталган. Ал боюнча »Фергана областы мусулмандык фанатизмдин көрүнүүсү жана түрдүү рухий мекемелердин жана вакуфтардын саны боюнча биринчи орунда тургандыктан областтык жана уездик башкармалдыктардагы штаттардын саны боюнча көптү түзүүсү зарыл. Фергана областынан кийин Самарканд, андан соң Сыр-Дарыя областтары туруусу керек» [9], - деп белгиленген. Сыр-Дарыя, Фергана, Самарканд областтарындагы ар кандай аталыштагы 119 орус окуу жайына 5346 мусулманчылык училищасы, ал эми Фергана өрөөнүндөгү православдык 6 храмга 6134 мечит туура келген.

Анжиян көтөрүлүшүнүн акыбетинен улам орус-тузем мектептердин ачылышы катуу темпте өнүгө баштаган. 1901-жылдын 1-январына карата областта 14 орустук билим берүү мекемеси, 10 орус тузем мектеби жана 2399 туземдик училища(мусулмандык окуу мекемелери -А.Э) болгон[10]. Маалым болгондой 1900-жылы орус тузем мектеби Кетмен-Төбө капчыгайында ачылган [11].

Падыша өкмөтү келгин дыйкандардын балдарынын сабаттуулгун жоюуга кам көрүү менен кесипчилик багытта даярдоо маселесине да кайдыгер карабаган. Орустук билим берүү мекемелеринин санынын өскөндүгү Фергана областына көчүп келүүчүлөрдүн катарынын көбөйгөндүгү менен да байланышта болгон. Албетте орус тузем мектептерин ачууда анын демилгечилери белгилешкен максаттарга толук жетишилген эмес. Мындай жыйынтыкты Түркстандагы бийлик ээлери да байкашкан. Ошентип XX кылымдын башында Түркстандын түпкүлүктүү калкынын табийгый жол менен ассимиляциялануусуна карата ишеним азайып, крайлык администрация радикалдуу ыкмаларды кабыл алууга киришкен. Ага жооп иретинде жаңы усул мектептери-жадидизм кыймылы келип чыккан. Анын негиздөөчүлөрүнүн башындакрым татарларынан чыккан интеллектуал, агартуучу, Исмаил Гаспринский (1851-1914) тургандыгы белгилүү. Ал татар тилинде өз бамаканасын түзүүгө аркеттенип «Переводчик-Терджиман» деп аталган түрк жана орус тилиндеги газета чыгарууга 1883-жылы уруксат алган. Бул Орусиядагы түрк тилиндеги алгачкы газета болгон. Көтөрүлүштүн чыгышынын негизги себеби катары мусулмандардын арасындагы өкүм сүргөн диний фанатизмди белгилеген орус агаруучуларынын бири Н. Остроумов менен пикир келишпестиктен улам гезит беттеринде талаш жүргөн. Мындан улам аталган орус агартуучусу кадимки мусулман мектептерине караганда

жаңы усул мектептери империялык кызыкчылыктар үчүн кооптуу экендигин айтып келген.

1910-жылы генерал-губернатор Самсонов шаарлардагы орус тузем мектептери менен катар айылдарда орус тилин милдеттүү предмет катары окутуу менен нукура тузем мектептерин түзүү сунушун берген. Муну менен ал мындай кадамга баруу жаңы усул мектептерине караганда »азыраак балээлүү», [11] - деп эсептеген. 1911-жылы Түркстан крайынын башкы инспектору жетекчиликке крайдагы жаңы усул мектептеринин саны боюнча маалымат берген. Анда Түркстан боюнча 4106 окуучусу менен 63 жаңы усул мектептери бар. Анын ичинде Сыр-Дарыя областында 1650 окуучусу бар 16 , Фергана областында 1436 окуучусу менен 30, Самаркандда 195 окуучусу менен 5, Жети-Сууда 825 окуучусу бар 12 мектеп. Закаспий областында жаңы усул мектептери жок, [12]"- деген маалымат берилген.

1912-жылы крайлык администрация мындай окуу жайларды жабуу аракеттерин көрө баштаган. Анткени алар үчүн билим берүүдө атаандаштыктын кереги жок болчу. Орус тузем мектептеринин тизими көбөйтүлүп, ал турсун эски усулдагы мусулман мектептерине карата ийкемдүү мамиле калыптанган. Агартуу боюнча белгилүү адис Н.П. Остроумов мындай эски мектептерди падышачылыктын ишенимдүү таянычына айлантууга боло тургандыгын белгилеген.Себеби алар кадимки мусулмандык мектептерге караганда жаңы усул мектептери алда канча прогрессивдүү экендигин баамдашкан.Бийликтер 1915-жылы мусулман мектептерин реформалоо маселесине кайра кайрылган. Бирок, бул жалпы империялык кызыкчылыктарга караманча каршы келгендиктен айтылган боюнча калган. Ага кошумча Биринчи дүйнөлүк согуштун шарттарында орус тилдүү калктардын жана туземдиктердин билим алуусуна кам көрүүгө бийликтин чамасы жетпеген. Совет бийлигинин алгачкы жылдарында сабаттуулукту жоюу маселеси Фергана өрөөнүндө курч бойдон калган. Тарыхый булактарда бул мезгилдерде келгиндер көп жайгашкан Көгарт өрөөнүндө орус тузем мектептерин ачуу боюнча сунуштар болгондугу белгилүү.

**Жыйынтыгы:** Жыйынтыктап айтканда 1898-жылдагы Анжиян көтөрүлүшүкыскаубаккасозулганыменен падышачылыктынТүркстандагыбир гана админстративдик башкаруу жана коопсуздукту бекемдөө жаатындагы саясатына эмес рухий чөйрөгө да таасир эткен. Анын ичинде мусулманчылык маселесинин алкагында билим берүүсаясатынажанажалпыэлеорусташтыруумаселесине олуттуу из калтырган жараян болуп саналат. Анын жыйынтыгында орус-тузем мектептеринин саны өскөндүгүнөжанажалпыэлемусулманчылыкмаселесинекаратамамилениөзгөртүүаракетт ериболгондугунакарабастанорусташтыруунунтүпкүмаксатытолукорундалганэмес, тескерисинчежыйынтыгыжергиликтүүбилимберүүсистемасындагы модернизациялык көрүнүштөргөалыпкелген.

**Адабияттар:**

1. **Остроумов Н.** Колебания во взглядах на образование туземцев в туркестанском крае (хронологическая справка) [Текст] // Кауфманский сборник, изданный в память 25 лет, истекших со дня смерти покорителя Туркестанского края, генерал-адьютанта К.П. фон-Кауфмана I-го. Москва. 1910.С . 156-158
2. **Файзрахманов Л.М.** [электрондук ресурс]. - кирүү режими: Н.П. Остроумов-Миссионер и исламовед. www. asu. ru/files/documents/00000638. doc
3. **Алимжанов Б.А.** Политика сохранения военной администрации Туркестанского генерал-губернаторства: Андижанское восстание 1898 г. [Текст] // Центральная Евразия: Территория межкультурных коммуникаций: коллективная монография / отв. ред. и сост. А.К. Аликберов. — М.: ИВ РАН, 2020. С.168
4. Сборник материалов по мусульманству / сост. по распоряжению и указаниям Туркестанского генерал-губернатора, генерал от инфантерии С.М. Духовского под

ред. В.П. Наливкина. [В 2 т. Т. 1]. Ташкент: Типолитография Бр. Порцевых, 1900. 147 с

5. Всеподданнейший доклад Туркестанского генерал-губернатора генерала от инфантерии Духовского: Ислам в Туркестане. - Ташкент, 1899. - [2] л., 20 с.
6. Туркестанские ведомости. 1912. 8 февраля
7. Обзор Ферганской области за 1899 год.Новый Маргелан; Скобелев : Тип. Ферган. обл. правления.- 1901. С.75
8. Обзор Ферганской области за 1897 год.Новый Маргелан ; Скобелев : Тип. Ферган. обл. правления.- 1899. С.61-63.
9. ЦГА РК. Ф.64. оп. 1. д.5578.лл. 38-40 об..
10. Обзор Ферганской области за 1900 год. Новый Маргелан; Скобелев: Тип. Ферган. обл. правления.-1901.-С.117
11. **Авазов Э.А.** XIX к. аягы XX к. башындагы Орусия империясынын Түркстандагы билим берүү саясатындагы атаандаштык жана анын жыйынтыктары (Фергана өрөөнүнүн мисалында) [Текст] / Э.А. Авазов // ОшМУнунЖарчысы.-2021.- Т.2.- №3.- 137-141-б.
12. ЦГА РУз. Ф. И-47. Оп. 1. Д. 955. Л. 230